КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИШКЕК ШААРЫНЫН
ПРОКУРАТУРАСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ПРОКУРАТУРА ГОРОДА
БИШКЕК

720033, Бишкек ш.,Абдымомунов көч., 276
тел.: +996 312 323410, факс: 323420
bishkek@prokuror.kg, э/э№1350108015183485
ОКПО 04728974 ИНН 00111199210111

720033, г.Бишкек, ул. Абдымомунова, 276
тел.: +996 312 323410, факс: 323420
bishkek@prokuror.kg, р/с№1350108015183485
ОКПО 04728974 ИНН 00111199210111

30.11.2021г. № 11р-21

На №____________ от _____________

Кыргыз Республикасынын
Президентинин Администрациясынын
Жарандардын кайрылуусу менен иштөө
бөлүмүнүн башчысынын орун басары
**Ж.Дадиевге**
(24.11.2021-ж. Н-10808 чыгыш
сандуу катыңызга)

✓Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук
комиссиясынын төрагасынын
орун басары
**Т.У. Шайназаровго**
(27.11.2021-ж. 09-08/1382 чыгыш
сандуу катыңызга)

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын электрондук почтасына 20.11.2021-жылы Кыргыз-Орус Славян университетинин мугалими Ниязова А[redacted] Н[redacted] кайрылуусу Бишкек шаарынын прокуратурасы аркылуу Бишкек шаарынын Свердлов районунун прокуратурасына келип түшүп, анда аталган окуу жайдын ректору В.Нифадьев, проректорлору Ф.Усманов жана Г.Сыдыковалар аркылуу университетте иштеген мугалимдерди кызматтык абалдан пайдаланып, административдик ресурсту колдонуу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенештин депутаттыгына талапкер Турганбаев М[redacted] Т[redacted] шайлоосуна мажбурлап жатканы көрсөтүлгөн.

Мындан сырткары, В.Нифадьев проректорлор аркылуу мугалимдердин электрондук акча капчыгын сураттырып, шайлоо учурунда берилген добуш үчүн 2 500 сом акчадан түшүрүп берүүсүн убадалагандыгы, кимде ким М.Турганбаевге добуш бербесе, жумуштан кетирээрин айткандыгы чагылдырылган.

Аталган арыз Бишкек шаарынын Свердлов РИИБнин №02-003-2021-024671 саны менен маалыматтарды эсеп журналына катталып, алдын ала

текшерүү иретинде Бишкек шаарынын Свердлов РИИБнин №6 документтештирүү тобу Бишкек шаарынын Киев көчөсүнүн №44 дарегинде жайгашкан Кыргыз-Орус Славян университетине барышкан.

Окуя боюнча сурамжыланган [redacted]-жылы туулган Ниязова А[redacted] Н[redacted] берген көрсөтмөсүнө ылайык, ал 1999-жылдан баштап Кыргыз-Орус Славян университетинин юридикалык факультетинде жарандык укук жана процесс кафедрасынын башчысы болуп иштегендиги, анын атынан буга чейин бир нече жолу Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарына ар кандай мазмун менен арыздар жазылып келгендиги, ошол себептен бир нече жолу укук коргоо органдарына барып, эч кандай арыз менен кайрылбагандыгы тууралуу түшүндүрмө берип келгендиги аныкталган.

Жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттарына талапкерди колдоосу тууралуу университеттин жетекчилиги мажбурлап, административдик ресурсту колдонуп жатат деген кайрылуу эч кандай чындыкка дал келбээрин жана ал эч качан андай мазмунда Башкы прокуратурага кайрылуу жасабагандыгын кошумчалаган.

Ошондой эле, университеттин мугалимдеринин арасында, студенттер жана окуучулар арасында эч кандай шайлоого тиешелүү сөздөр болбогондугун, университеттин жетекчиси В.Нифадьев тарабынан шайлоого карата эч ким кандайдыр бир үгүт иштерин жүргүзбөсүн деген 11.11.2021-жылы №49-р сандуу тескеме чыккандыгы тууралуу билдирген.

Кыргыз-Орус Славян университетинин проректору Усманов Салават Фаргатович, университеттин Чет элдер мамилеси факультетинин деканы Кликовский А[redacted] В[redacted], юридикалык факультетинин деканы Тугельбаева Б[redacted] Г[redacted] ушундай эле көрсөтмөлөрүн беришип, жетекчилик тарабынан административдик ресурс колдонуп жатат деген кайрылуу эч кандай чындыкка дал келбээрин тастыкташкан.

Алгачкы териштирүүнүн жыйынтыгында чогултулган материалдар, кылмыштын жана жоруктун курамы жок болгондуктан, номенклатуралык ишке чыгышталып, №003-2021-010870 саны ыйгарылган.

Кабыл алынган чечим көзөмөл иретинде окулуп чыгып, мыйзамдуу жана негиздүү деп табылган.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Президентинин расмий сайтына келип түшкөн А.Ниязованын кайталанма (дубликат) электрондук арызы номенклатуралык ишке тиркөө үчүн Бишкек шаарынын Свердлов РИИБна жиберилгендигин билдиребиз.

Бишкек шаарынын прокурорунун
орун басары **А.Каримов**

Атк. [redacted]
тел.: [redacted]